КОШТОШУУ

Сөзү: Мирлан Самыйкожонуку
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2015-жыл, 2-ноябрь

Кыйналтып жанды оорутайынбы,
Көңүлдүн шагын соолутайынбы.
Көөнүмдү көзөп, чок тиштеп алып,
Коштошуу үчүн жолугайынбы?

Кысылып, кайнап эзилейинби,
Кырчылып, сынып кетилейинби.
Көзүмдү оюп алгандай болуп,
Көрүшпөс үчүн кезигейинби?

Азаптын зарын төгүшөйүнбү,
Армандын баарын бөлүшөйүнбү.
Акылдын алсыз кулундай болуп,
Акыркы жолу көрүшөйүнбү?

Жүрөктүн дартын козготойунбу?
Жашоонун баарын токтотоюнбу?
Жоолугуң үчүн, соолугуң үчүн,
Жолугуп алып коштошоюнбу?